**Мамлекеттик жана расмий тилдер боюнча IX жана XI класстардын окуучуларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү боюнча нускама-усулдук кат**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында уюшкандык түрдө окуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү максатында, билим берүүнүн райондук (шаардык) бөлүмдөрүнүн методисттери, мектептердин жетекчилери жана мугалимдери тарабынан колдонуу үчүн төмөнкү нускама-усулдук катты жиберет:

1. мамлекеттик жана расмий тилдер боюнча IX жана XI класстардын окуучуларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү боюнча;
2. мамлекеттик жана расмий тилдер боюнча жазуу иштерин (комплекстүү жазуу тести) баалоо боюнча.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 22-мартындагы № 304/1 буйругу менен бекитилген «2018–2019-окуу жылдагы жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жөнүндө» Жобосуна ылайык мамлекеттик жана расмий тилдер боюнча IX жана XI класстарынын окуучуларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы, өзүнө функционалдык лексиканы жана грамматиканы, ошондой эле текстти окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн камтыган тест түрүндө өткөрүлөт.

Сынак материалдары Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалымат технологияларынын улуттук борбору (мындан ары текстте – УБСБжМТУБ) жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясы (мындан ары текстте – ББА) менен макулдашуунун негизинде министрлик тарабынан берилет. Мектеп предметтик комиссиясы (мындан ары текстте – ПК) белгиленген тартипте окуучулардын сынак иштерин өткөрүүнү жана баалоону жүргүзөт.

IX жана XI класстарынын окуучулары үчүн тестти өткөрүү датасы – 2019-жылдын 10-июну.

| **Класс** | **Убакыт** | **Тесттин бөлүктөрү** | **Бөлүк үчүн упайлардын саны** | **Тест үчүн максималдуу упай** |
|---|---|---|---|---|
| **9-класс** | 1,5 саат | Лексика.<br>Грамматика<br>Окуу жана түшүнүү | 40 балл<br>30 балл | 70 балл |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **11-класс** | 2,5 саат | Лексика. Грамматика<br>Окуу жана түшүнүү<br>Жат жазуу тапшырмасы менен | 60 балл<br>40 балл<br>10 балл | 110 балл |

**Сынак үчүн баа комплекстүү түрдө коюлат:**

**9-класс**

| | |
|---|---|
| «5» деген баа | 59 – 70 балл |
| «4» деген баа | 49 – 58 балл |
| «3» деген баа | 35 – 48 балл |
| «2» деген баа | 0 – 34 балл |

**11-класс**

| | |
|---|---|
| «5» деген баа | 93 – 110 балл |
| «4» деген баа | 77 – 92 балл |
| «3» деген баа | 55 – 76 балл |
| «2» деген баа | 0 – 54 балл |

**Мамлекеттик/расмий тилдер боюнча** комплекстүү жазуу тести 9, 11-класстардын окуучуларынын тилдик компетенция жаатындагы функционалдык сабаттуулугун жана окуунун функционалдык сабаттуулугун текшерүүгө багытталган.

Тилдик компетенция жаатындагы функционалдык сабаттуулук – бул окуучунун жазуу текстин түшүнүү, аны интерпретациялоо, окуганы тууралуу ой жүгүртүү жана ошондой эле окуганын турмушта өз максаттарына жетүү үчүн колдонуу жөндөмдүүлүгү.

Тест төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

**1-бөлүк. Лексика. Грамматика**

**Тесттин максаты –** предметтик стандарттарга жана программаларга ылайык кээ бир коммуникативдик маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон тилдик компетенциянын түзүлгөн деңгээлин текшерүү. Тест процессинде төмөнкү жөндөмдөр текшерилет:

- лексикалык бирдиктердин маанилерин ажыратуу жана аларды берилген контекстте колдоно билүү;
- зат атоочтун жөндөмө категориясы боюнча өзгөрүшүн контекстинде туура колдонуу;
- этиштин формаларын кээ бир контекстте жана жагдайларда туура колдонуу;
- сунушталган контексттерде жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн структурасын колдоно билүү.

| Класс | Тестти | Мазмуну | Ташырмалардын түрлөрү |
|---|---|---|---|

| | аткаруу убактысы | | жана саны |
|---|---|---|---|
| | **Лексика. Грамматика** | | |
| **9-класс** | 40 мүнөт | - жак, сан (атооч, этиш)<br>- жөндөмө категориясы (А, И, Б, Т, Ж, Ч)<br>- сан атооч, сын атооч, ат атооч, тактооч, кызматчы сөздөр<br>- сүйлөмдүн түрлөрү | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 40 тапшырма |
| **11-класс** | 50 мүнөт | - кептин түрлөрү<br>- кептин стилдери<br>- сөздүн тике жана өтмө маанилери<br>- сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү<br>- жак, сан (этиш)<br>- жөндөмө категориясы (А, И, Б, Т, Ж, Ч)<br>- сүйлөмдүн түрлөрү | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 60 тапшырма |

**Тесттин биринчи бөлүгүн өткөрүү жол-жобосу**

Тапшырмалардын саны – 9-класс – 40, 11-класс – 60.

Аткаруу убактысы: 9-класс – 40 мүнөт, 11-класс – 50 мүнөт.

Тесттин алдында окуучуларга тест дептерлери/тест материалдары таркатылат, тестти аткаруу боюнча нускама берилет. Алар менен таанышып чыккандан кийин (10 мүнөттөн көп эмес) тестти өткөрүү жол-жобосу боюнча суроолорду берүүгө уруксат берилет.

Андан кийин убакыт белгиленет. Тестти аткаруу учурунда суроолорду берүүгө уруксат берилбейт. Тестти аткаруу учурунда сөздүк менен колдонууга болбойт. Убакыт өткөндөн кийин тест материалдары мугалимге тапшырылат.

**Тесттин жыйынтыктарын иштеп чыгуу**

Тесттин жыйынтыктарын иштеп чыгуу жана баалоо жооптун туура варианты көрсөтүлгөн ачкычтардын жардамы менен жүргүзүлөт. Окуучу тарабынан тегеректе менен белгиленген жооптун варианты эсептелет. Эгерде окуучунун тандоосу кошумча графада белгиленсе, анда ал жооптун акыркы варианты катары кабыл алынат.

**XI классстын математикадан (алгебра жана анализдин башталышы) жазуу иштери жана баалоо боюнча нускамалык методикалык кат .**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 8- апрелиндеги № 378/1 буйругуна ылайык **XI** класстар үчүн математика (алгебра жана анализдин башталышы) сабагы боюнча Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы комплекстүү тест формасында өткөрүлөт.

**Бул каттын максаты -** математикадан комплекстүү тестти аткаруу боюнча методикалык көрсөтмө берүү жана аны баалоонун критерийлерин сунуштоо.

Бул катта иштерди аткаруу спецификасы жана математика боюнча комплекстүү тесттердин үлгүсү берилген.

Математика боюнча берилген тапшырма окуу программасынын деңгээлинин татаалдыгына ылайык (базалык жана тереңдетилип окутуу) 2 вариантта түзүлгөн.

Сынакка 4 астрономиялык саат, ал эми профилдик класстарга - 5 саат берилет.

**XI класска математика (алгебра жана анализдин башталышы) сабагы боюнча комплекстүү тест беш бөлүктөн, жалпы 28 тест тапшырмаларынан турат.**

**Биринчи бөлүк** темага ылайыктуу топтолгон, 1 туура жоопту өзүнө камтыган 15 тест **(№1 -№15)** тапшырмадан турат. Бул тапшырмалар теориялык материалдарды, түшүнүктөрдү жана ыкмаларды өздөштүрүү деңгээлин аныктоого багытталган. Ар бир суроого жооптордун ичинен бирөөсү гана туура болгон 4 варианттагы жооптор берилген. Ар бир туура жоопко 1 балл, туура эмес жоопко 0 балл берилет.

Бул бөлүктө жогорку балл-15 балл.

**Экинчи бөлүк** туура келүүчүлүктү белгилей турган үч тапшырмадан **(№2.1-№2.3)** турат. Тапшырмалар математика боюнча базалык билгичтикти жана практикада колдонуу жөндөмүн аныктоого багытталган.

Бул тапшырмаларда эки колонкадагы дал келүүчүлүктү аныктоо. Сол жакта берилген тамгаларды оң жакта берилген цифралар менен дал келүүчүлүктү аныктоо(эки дал келүүчү элементти туташтыруу керек). Сол жактагы ар бир элементке оң жактагы бир гана элемент туура келет. Оң колонкадагы бир элемент ашыкча. Ар бир суроонун туура жообуна 3балл берилет, эгер бардык төрт дал келүүчүлүктү аныктаса. 3 туура дал келүүчүлүктү аныктаса 2 балл берилет. 2 туура дал кеүүчүлүктү аныктаса 1 балл берилет. Туура эмес жоопко 0 балл. Бул бөлүктө жогорку балл 9 балл.

**Үчүнчү бөлүктө** 5 жооптон бир нече туура жоопту белгилей турган 5 тапшырмалардан **.(№3.1-№3.5)** турат. Бул тапшырмалар теориялык материалды, түшүнүктөрдү жана предметтерди өздөштүрүү даражасын

аныктоого багытталган. Ар бир суроого 5 варианттагы жооптор берилген, алардын бир нечеси туура. Ар бир суроодогу туура жоопко 2 балл берилет, эгер бардык жооптор туура табылса. Эгерде бир туура жооп болсо, 1балл. Эгерде бир дагы туура жооп табылбаса, 0 балл. Бул бөлүктө жогорку балл 10 балл.

**Төртүнчү бөлүк** кыска жоопту талап кылган үч тапшырмадан турат.**(№4.1-№4.3).** Тапшырмалар математикалык билимдерди колдонууда негизги көндүмдөрдү жана практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүнү текшерүүгө багытталган. Бул тапшырманы аткарууда дептердин атайын бөлүнгөн жерине кыскача жооп жазылышы керек. Жооп эсептөөлөрдү талап кылат. Жооп 0 дон 9999 га чейинки ар кандай бүтүн оң сан. Сандардын ырааттуулугу клеткаларга солдон оңду көздөй толтурулат. Бир клеткага бирден гана цифра жазылат. Эгерде жооп бөлчөк сан болуп калса, анда ал санды бүтүнгө чейин тегеректөө керек. Бул тапшырмалардын ар бир туура жообуна 2 балл, туура эмес жоопко 0 балл. Бул бөлүктө жогорку балл-6 балл.

**Бешинчи бөлүк** толук кеңейтилген маалыматты камтыган жоопту талап кылган эки **(№5.1-№5.2)** тапшырмадан турат. Тапшырма функционалдык сабаттуулуктун деңгээлин аныктоого, толук чыгарылышты, жоопту деталдуу негиздеп түшүндүрүүнү талап кылууга багытталган. Ар бир тапшырманын чыгарылышы ырааттуу жана кеңири, математикалык тактыкта толук болуш керек. Чыгаруунун ыкмалары, жазуунун формалары жана жоопту толтуруунун формалары ар түрдүү болушу мүмкүн. Мындай тапшырмалардын жооптору каалагандай формада аткарылат. Тапшырмаларды аткаруу үчүн баллдардын саны тапшырманын аткарылышына, чыгарылыштын толуктугуна жана жооптун тууралыгына жараша болот. Жүйөлүү алынган туура жоопко жогорку сандагы 4 балл коюлат. Маселенин чыгарылышы толугу менен туура эмес болгондо гана 0 балл б.а. берилген чыгарылыш 1 балл менен да баалоого мүмкүн эмес.
Бул бөлүктө жогорку балл-8 балл.

11- класста математика боюнча сынак ишин текшерүүнү комиссиянын төрагасы (ПК) баалоо нускамасына ылайык жүргүзөт. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгынын баллдык системасы баага которулат.

**Тиркемеде 5 бөлүктөн турган, тест тапшырмаларынын бардык түрлөрүн жана баалоо критерийлерин камтыган комплекстүү тесттин үлгүсү көрсөтүлгөн.**

**Алгебра жана анализдин башталышы боюнча комплекстүү тестти аткарууда жалпы сандык баллдарды аныктоо**

| Бөлүк | Тапшырмалар | Баалоо | Максималдуу балл |
|---|---|---|---|
| **Биринчи бөлүк** | № 1 - № 15 | 1 балл | **15 балл** |
| **Экинчи бөлүк** | № 2.1- № 2.3 | 3 балл | **9 балл** |
| **Үчүнчү бөлүк** | №3.1- №3.5 | 2 балл | **10 балл** |
| **Төртүнчү бөлүк** | №4.1- №4.3 | 2 балл | **6 балл** |
| **Бешинчи бөлүк** | №5.1, №5.2 | 4 балл | **8 балл** |
| | | **Бардыгы::** | **48 балл** |

**Баллдарды баага которуу шкаласы**

| Баллдар | Баа | Процент менен |
|---|---|---|
| 1-23 | 2 | 0 - 48% |
| 24-31 | 3 | 50 - 65% |
| 32-39 | 4 | 67 - 82% |
| 40-48 | 5 | **83**-100% |

**Математика боюнча тесттик тапшырмалардын матрицасы. (Алгебра жана анализдин башталышы) 11-класс.**

| *Бөлүм* | *Билим жана түшүнүү* | *Стандарттуу ситуацияда колдонуу* | *Стандарттуу эмес ситуацияда колдонуу* | *%* | *Балл* |
|---|---|---|---|---|---|
| Сан жана туюнтма | 3.4; | 5, 8, 11, 14, 2.2; 4.2; | 3, | 25% | 12 |
| Теңдемелер, барабарсыздыктар системасы | 3.5; | 7, 9, 13, | 4.1; | 15% | 7 |
| Функция | 1, 3.3; | 6, 2.3; 3.2; | 2.1; 3.1; | 29% | 14 |
| Туунду жана интеграл | | 10, 12, 15, 5.1; | 5.2. | 23% | 11 |
| Статистиканын элементтери жана ыктымалдуулук теориясы | | 2, 4, 4.3. | | 8% | 4 |
| Жалпы | 15% | 60% | 25% | 100% | |
| Балл | 7 | 29 | 12 | | 48 |

Эскертүү: үлгүдө №20 тест тапшырмасында эки тапшырма тандоо формасында берилген, ал эми сынак буклетинде тандоосуз бир гана тапшырма берилет (а тапшырмасы же б тапшырмасы).

**Экинчи бөлүк** кыска жоопту талап кылган 2 тест тапшырмаларынан **(№2.1, №2.2)** турат. Тапшырмалар математика боюнча базалык билгичтикти жана практикада колдонуу жөндөмүн аныктоого багытталган.

Берилген тапшырмаларда кыска жоопту буклеттеги атайын бөлүнгөн орунга сол жактан оң жакты көздөй жайгаштыруу талап кылынат. Жообун жазууда эсептөө жүргүзүлөт. Жообу - 0дөн 9999га чейинки оң сандар болот. Бир чакмакка бир эле сан жазылат. Эгерде жообу бөлчөк сан чыкса, анда бүтүн санга чейин тегеректөө керек.

Мисалы: Жообу: 125

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 5 | |

Берилген тапшырмалардын (2.1; 2.2) туура жоопторунун ар бири 2 балл менен бааланат.
- туура жоопко 2 балл;
- ката жоопко 0 балл.

Бул бөлүктүн жогорку баллы – 4 балл.

**Үчүнчү бөлүк** толук жоопту талап кылган үч тест тапшырмаларынан турат.

**(№3.1, №3.2, №3.3.)** Толук чыгарылышын жазууну талап кылган тапшырмалар функционалдык сабаттуулуктун деңгээлин билүүгө багытталып, берилген жооптун негизделиши жана түшүндүрмөсү буклеттеги атайын берилген орунга жазылуусун талап кылат. Ар бир тапшырманын аткарылышы иреттүү жана толук болушу зарыл. Эсепти чыгарууда толук жообун айкын жана так жазуу керек. Тапшырманы аткаруу үчүн кошумча барак (черновик) колдонуу мүмкүнчүлүгү берилет. Анда аткарылган иштер баалоодо каралбайт.

Тапшырманы аткарууга коюлган баллдын саны жооптун туура чыгарылганына жана толук чыгарылышына байланыштуу болот.

Толук жооп берилген тапшырманын аткарылышына жалпы талап коюлат: эсепти чыгаруу толук, бардык чыгаруу ыкмалары каралып, математикалык жактан сабаттуу болуусу керек. Эсепти чыгаруу ыкмасы, аны жазуу жана жоопту жазуу формалары ар түрдүү болуусу мүмкүн. Негизделген, туура берилген жоопко жогорку балл берилет.

- 3.1. тест тапшырмасынын жогорку баллы – 5 балл
- 3.2. тест тапшырмасынын жогорку баллы – 6 балл
- 3.3. тест тапшырмасынын жогорку баллы – 5 балл

Бул бөлүктүн жогорку баллы – 16 балл болуп саналат.

**Эскертүү:**

2. Жашоодо китептен башка чыныгы дос болобу же жокпу? Автордун ою менен макулсузбу?

**IX класста математиканы (алгебра) жазуу жана баалоо боюнча нускама-усулдук кат**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 8- апрелиндеги № 378/1 буйругуна ылайык IX класс үчүн математика (алгебра) сабагы боюнча Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы комплекстүү тест формасында өткөрүлөт.

**Бул каттын максаты -** математикадан комплекстүү тестти аткаруу боюнча методикалык көрсөтмө берүү жана аны баалоонун критерийлерин сунуштоо.

Бул катта иштерди аткаруу спецификасы жана математика боюнча комплекстүү тесттердин үлгүсү берилген.

Математика боюнча берилген тапшырма окуу программасынын деңгээлинин татаалдыгына ылайык (базалык жана терендетилип окутуу) 2 вариантта түзүлгөн.

Сынакка 4 астрономиялык саат, ал эми профилдик класстарга - 5 саат берилет.

**IX класска математика (алгебра) сабагы боюнча комплекстүү тест үч бөлүктөн, жалпы 25 тест тапшырмаларынан турат.**

**Биринчи бөлүк** темага ылайык топтолгон 20 тесттик тапшырмадан (№1 -№20) турат жана 1 туура жооп белгиленет.

Бул тапшырмалар теориялык материалдарды, түшүнүктөрдү жана ыкмаларды өздөштүрүү деңгээлин аныктоого багытталган.

| *Бөлүк* | *Тапшырмалардын саны* |
|---|---|
| Сандар жана туюнтмалар | № 1- № 6 |
| Теңдемелер, барабарсыздыктар, системалар | № 7- № 13 |
| Функция | № 14- № 19 |
| Статистика жана ыктымалдык теориясынын элементтери | № 20 (а жана б тапшырмалары) |
| Жалпы саны: | 20 |

Ар бир суроого 4 вариантта жооп берилип, алардын ичинен бирөө туура жооп болуп эсептелет. Ар бир туура жооп 1 балл менен , ката 0 балл менен бааланат. Бул бөлүктө жогорку балл - 20 баллдан турат.

баа 1 баллга төмөндөтүлүшү мүмкүн. Тескерисинче, эгерде иш тыкан аткарылып, анда оңдоолор, чийүүлөр болбой, 3-4 бир типтүү каталар болсо, баа каталардын көрсөтүлгөн сандык нормаларын ашырып жиберүүгө мүмкүндүк берет.

**Ырааттуулукту белгилөөгө берилген тапшырма** да 5 баллга бааланат.

| | |
|---|---|
| **5 балл** | Ырааттуулук туура аныкталды |
| **4 балл** | Ырааттуулук аныкталды, бирок 1 бузуу болду |
| **3 балл** | Ырааттуулук аныкталды, бирок 2 бузуу болду |
| **2 балл** | Ырааттуулук туура эмес аныкталды же экиден көп бузуулар болду |

Тиркемеде тест тапшырмаларынын бардык түрлөрүн жана баалоо критерийлерин камтыган, үч бөлүктөн турган комплекстүү тесттин үлгүсү берилген.

Комплекстүү сынакты өткөрүү датасы жөнүндөгү маалымат, тесттердин демонстрациялык варианттары КРдин БИМдин жана УБСБжМТУБнун расмий сайттарына жайгаштырылат.

Жазуу сынак иштерин текшерүү жана баалоо, сынакты кабыл алуу күнүн эсептебегенде, 3/5 жумушчу күндөн көп эмес убакытты ээлейт.

ЖМАнын баллдык системада алынган бардык жыйынтыктары бааларга которулат.

9 жана (же) 11-класстардын окуучуларынын жазуу сынак иштерин текшерүү ПК тарабынан жиберилген баалоо боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлөт.

9 жана (же) 11-класстардын окуучуларынын ЖМАдагы «2» (канааттандырарлык эмес) жана «5» (эң жакшы) деп бааланган жазуу сынак иштерине рецензиялар жазылат.

Бардык сынак иштери алар үчүн атайын бөлүнүп берилген орунда (күйбөс сейфте) сакталат. ПКнын чечимдери протокол менен жолжоболштурулат жана анын мүчөлөрүнүн колдору коюлат.

**ЖМАны өткөрүүнүн тартиби**

1. Сынак документтери төмөнкүлөрдөн турат: тестти өткөрүү боюнча нускама-колдонмодон, тесттик буклеттен жана баалоо боюнча колдонмодон. Бул документтер билим берүүнүн мамлекеттик башкармалыгынын аймактык органдарына жана жалпы билим берүү уюмдарына **2019-жылдын 20-майына** чейин жеткирилет.
2. Сынак документтери салынган пакеттер талаптуу түрдө предметтер, окутуу тилдер, ал эми мектептин ичинде класстар боюнча түзүлөт. Пакет чапталып, мөөр басылып бекитилет. Сынак материалдарын алдын-ала ачкандыгы, тексттерде жана тапшырмаларда камтылган маалыматтарды ачыкка чыгаргандыгы үчүн жалпы билим берүү уюмдары административдик жоопкерчиликти алып барышат.
3. ЖМА боюнча уюштуруу иш-чаралары сынак башталганга чейин 1 саат убакытта жүргүзүлөт (каттоо, бүтүрүүчүлөрдү отургузуу жана нускама берүү, пакеттерди ачуу, КӨЧМдерди көчүрүү, башкы барактарды толтуруу ж.б.).
4. Тест материалынын башкы барагына мектептин штампы жана ШааБББнын, РайББсынын, РБББнын же Метод.кабинеттин өкүлүнүн

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин үйрөтүүдө 11-класстын окуучулары үчүн жат жазуунун тексти мазмундуу, жеткиликтүү, орто оордукта болууга тийиш.

Жат жазуу 11-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 110-125 сөздөн туруп, жазуу мөөнөтү 40 мүнөткө созулат. Жат жазуунун текстинде кездешкен айрым түшүнүксүз сөздөргө мугалим түшүндүрмө берет.

Жат жазууда орфографиялык, пунктуациялык каталар, жазуунун техникалары эске алынып, бир гана баа коюлат.

| | |
|---|---|
| **5 балл** | катасыз жазылган, бир орфографиялык же бир пунктуациялык катадан ашпаган же үчтөн ашык эмес оңдоолор болгон ишке коюлат; |
| **4 балл** | каталардын жалпы саны төрттөн ашпаган (эки орфографиялык, эки пунктуациялык же төрт орфографиялык ката кетирилип, пунктуациялык катасы жок болгон же үч орфографиялык, бир пунктуациялык ката болгон) жат жазууларга коюлат; |
| **3 балл** | каллиграфиясы начар, саны ондон ашпаган (төрт орфографиялык, алты пунктуациялык же үч орфографиялык, жети пунктуациялык же болбосо орфографиялык катасы жок, он пунктуациялык ката кетирилген) иштерге коюлат; |
| **2 балл** | саны он бештен ашпаган (жети орфографиялык, сегиз пунктуациялык же алты орфографиялык, тогуз пунктуациялык же сегиз орфографиялык, жети пунктуациялык ката кетирилип, булганыч жазылган) иштерге коюлат; |

**Жат жазуу ишин жүргүзүүнүн технологиясы**

- жат жазуу ишин жүргүзүлө турган күндү окуучуларга күн мурунтан айтып, кабардар кылуу;
- грамматикалык эрежелерди, пунктуациялык эрежелерди кайталоону сунуштоо;
- иштин натыйжалуу уюштурулушу жана өткөрүлүшү үчүн окуучуну психологиялык жактан даярдоо;
- жат жазууга керек болгон окуу куралдарын (штамп басылган ак кагаз, калем сап) даярдатуу;
- даярданып келген текстти белгиленген убактан кечиктирбей, сынактык комиссиянын мүчөлөрүн күбө кылып, конвертти ачып, үн чыгарып темасын окуп, андан жат жазуунун темасын тактага жазуу;
- текстти үн чыгарып, токтоо, көрктүү, уккулуктуу үн менен окуп берүү;

***Эскертүү:*** жат жазууда кездешкен татаал сөздөрдү муундап, тамгалап окуп берип, жаздыруу методикалык жактан туура эмес деп эсептелет.

Мугалимге каталардын мүнөзүнө, алардын бир типтүүлүгүнө жараша бааны жогорулатуу же төмөндөтүү укугу берилет. Эгерде иш тыкан эмес аткарылып, [illegible] көп оңдоолор, чийүүлөр, сызып оңдоолор кылынса, анда

**XI класстарда эне тили (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) жана адабияты боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө нускама-усулдук кат**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 2019-жылдын 8-апрелиндеги №378/1 буйругуна ылайык XI класстардын окуучуларынын эне тили жана адабияты боюнча Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын (ЖМА) өткөрүүгө 5 астрономиялык саат бөлүнүп, көлөмү 150-300 сөздөн турган эссе-аргументация формасында өткөрүлөт.

Сынак катары эссени жазуунун максаты  окуучулардын тандалган теманы чыгармачыл түшүнүүсүн, өзүнүн позициясын аргументтөө менен коюлган көйгөй боюнча өз пикирин жана ойлорун логикалык жактан туура берүү жөндөмдүүлүгүн, ой жүгүртүүлөрүндө карама-каршылыкка жол бербей, өз ойлорун туура жана ырааттуу билдире алуусун текшерүү болуп эсептелет.

Ар кандай аргументацияда тезистин (негиздөө үчүн ырастоолор, ой жүгүртүүлөр, пикирлер) жана далилдердин (далилдөөлөр же аргументтер) болуусу мүмкүн.

Көз караштын пайда болушуна жана аны аргументтөө үчүн негиз катары окуучуларга текст сунушталат. Окуучу тексттин мазмуну менен таанышып, анын негизинде жеке таасирленүүсүн жана ойлорун түзүшү керек.

Окуучулардын тандоосуна ар түрдүү багыттагы 3 текст сунушталат:

- көркөм текст – проза;
- көркөм текст – поэзия;
- публицистикалык текст.

Эссе – аргументация үчүн сунушталган тексттер тандоо критерийлерине дал келет, жана төмөнкү маселелерди камтыйт:

- адамдын адеп-ахлактык сапаттары;
- адамдардын өз-ара мамилелери (үй-бүлөдө, достору менен, коомчулукта);
- коомдун социалдык түзүлүшү;
- жакшылык менен жамандыктын тирешүүсү;
- адам жана жаратылыш;
- адам жана искусство.

Тексттин темасы талкууга коюлган тигил же бул көйгөйдү бөлүүгө мүмкүндүк берет.

Окуучу текстте берилген бир гана көйгөйдү тандап, эссенин композициясын ойлоп чыгып, андан кийин төмөнкү түзүмдө эссени жазуусу керек.

1. *Көйгөйдү аныктоо*

Тексттеги көйгөй – бул чечүүнү жана изилдөөнү талап кылган теоретикалык же практикалык татаал маселе. Көйгөйдү татаал, маанилүү, олуттуу, кыйын, терең, негизги, башкы, актуалдуу, учурдагы эң кызык, курч,

жетилген, философиялык, саясий, идеологиялык, социалдык, улуттук, эл аралык деп аныктаса болот.

Көйгөйдүн өзүнүн объекти, мисалы, согуш, тынчтык, экономика, саясат, идеология, тарбиялоо, билим берүү болот. Тексттин көйгөйүн эки негизги ыкма менен аныктаса болот: а) көйгөйдүн объектин баалоо («Бул кимдин көйгөйү?», «Бул эмне болгон көйгөй?» деген суроолорго жооп берүү); б) көйгөйдү суроо түрүндө аныктоо (көйгөй чечимди талап кылган суроо болуп саналат).

Ошондой эле кириш сөздө көйгөйдүн пайда болуу тарыхы көрсөтүлүшү мүмкүн; чечилип жаткан көйгөйдүн башка көйгөйлөрдүн катарында аныкталган орду; көйгөйдүн өзгөчөлүктөрүн баяндап жазуу; көйгөйгө жалпы көз караш ж.б.

2. *Көйгөйдү чечмелөө*

Автордун жазганы канчалык маанилүү экени жөнүндө ойлонуу керек; ким жана кандай жагдайларда мындай көйгөйлөргө учурайт. Эгерде мүмкүн болсо, «маселенин тарыхына» кайрылса болот, бул көйгөйдүн кандай каралгандыгын, башка авторлордун көйгөйдү чечүүгө кылган аракеттерин, бул маселе боюнча автордун көз карашына дал келбеген башка көз караштар тууралуу кыскача айтып кетсе болот.

Эссенин бул бөлүгүндө материалды баяндоонун эки ыкмасы болушу мүмкүн: а) айрым фактылардан көйгөйдү аныктоого өтүү; б) көйгөйдү аныктоодон чечмелөөгө өтүү.

3. *Автордун көз карашын аныктоо*

Эгерде тексттеги көйгөй суроо түрүндө берилсе, анда автордун көз карашы – бул текстте коюлган суроого жооп болуп саналат.

Автордун көз карашын аныктоо үчүн төмөнкү суроолорго жооп берүү керек: « Автор текст аркылуу окурмандарына эмнени айткысы келди?», «Автор баяндалган кырдаалды, каармандардын жоруктарын кандай баалайт?».

4. *Жеке көз карашын билдирүүсү*

Бул тапшырма баштапкы тексттеги көйгөйдү жана автордун көз карашын түшүнүү менен түздөн-түз байланышта, дал ушул учурда окуучу ойлонууга, өзүнүн пикирин билдирүүгө, автор менен диалогго киришүүгө мүмкүндүк алат. Бүтүрүүчү автордун көз- карашы менен макул болууга же макул болбоого укуктуу. Анын жеке пикири далилдөөнү талап кылуучу тезис болуп саналат.

Тезис – бул кандайдыр бир идея (ой, көз караш, позиция, абал). Эссенин бул бөлүгүндө тактык жана ачыктык маанилүү. Тезисти башкы сөздөр аркылуу түшүндүрсө болот.

5. *Өз көз карашын далилдөө*

Окуучунун бардык ойлору далилдер менен бекемделип көрсөтүлүшү керек. Бул изилдөө учурунда табылган далилдер, далилдөөлөр. Алар эмне үчүн окуучунун тезистерди кабыл алууга мүмкүн жана керек экендигине негиздеме болуп саналат.

Аргументтерди мисалдар, далилдөөлөр, беделдүү пикирлер ж.б.у.с менен бекемдеп көрсөтүү керек. Эреже катары, бул окуучу өзүнүн көз карашын далилдөө үчүн колдоно турган фондук материалдар болуп саналат. Бул үчүн окуучу төмөнкүлөрдү колдонсо болот:

- *логикалык* (рационалдык) далилдер же аргументтер – бул реалдуу фактылар, теориялар, гипотезалар, статистикалык маалыматтар, жаратылыш мыйзамдары, өз көзү менен көргөн адамдардын маалыматтары, эксперименттердин жыйынтыктары ж.б.у.с.;
- *иллюстрация - мисалдар* – бул адабияттан, жеке турмушунан же жакын адамдардын жана тааныштардын турмушунан алынган мисалдар, ошондой эле кандайдыр бир шарттарда турмушта мүмкүн болуп кала турган окуялар;
- *беделдүү пикир* – бул бардыгы тарабынан шексиз чындык катары кабыл алынуучу белгилүү адамдардын, илим же адабияттын ишмерлеринин айтымдары. Элдин турмуштук тажрыйбасы, даанышмандыгы (макалдар жана лакаптар).

Бардык далилдер логикалык жактан тезис менен шайкеш болуусу керек. Негизинен далилдер же аргументтер «Эмнеге?» деген суроого жооп беришет. Бул суроону тезис аныкталгандан кийин, аргументтер бири-бири менен байланышып, башка эмес, дал ушул абалды далилдеп турарына ынануу үчүн берүү керек.

*б) Жыйынтык чыгаруу*

Далилдөөнү бүтүргөндөн кийин окуучу тыянак чыгаруусу зарыл. Анда ал төмөнкүлөрдү аткара алат:

- каралып жаткан маселени кыскача түрдө берүү; бардык ой-пикирин жалпылоо;
- келечектеги, кийинки мезгилдеги көйгөйдүн өнүгүүсүн белгилөө;
- сунушталган чечимдердин тажрыйбада колдонулушу жөнүндө божомолдору менен бөлүшүү.

Окуучуларды эссе жазууга даярдоодо төмөнкүлөрдү аткаруу керек:

- Окуучуларды эссе жазуунун талаптары жана аны баалоо критерийлери менен тааныштыруу.

- Ар бир критерийдин этаптык талдоосун жүргүзүү:

а) тексттеги көйгөйлөр, алардын түрлөрү, көйгөйлөрдү бөлүп чыгаруу жана аныктоо ыкмасы;

б) чечмелөө, анын түрлөрү, жол - жоболоо ыкмасы;

в) автордун көз карашын ачып көрсөтүү жана аны жол-жоболоонун ыкмалары;

г) өз көз карашын далилдөө, анын түрлөрү.

- Аргументтөөчү эссе- композициясынын үстүнөн иш жүргүзүү.

- Эссени жазуу жана баалоонун ылайыктуу критерийлери боюнча өз ара текшерүү иштерин уюштуруу.

2-тиркемеде эссени жазуу үчүн тапшырмаларды камтыган тексттин үлгүсү көрсөтүлгөн. 3-тиркемеде окуучуларга текстти логикалык жактан

убактысын доскага жазып белгилешет, андан кийин окуучулар эссени жазууга киришет.

Эссени жазууга 5 астрономиялык саат берилет.

Окуучуларга сынак учурунда (15-20 мүнөттүк) тыныгуу берилет.

Сынактын убактысына даярдоо иш-чараларына кеткен убакыт (нускама берүү, тираждоо) жана тыныгуу убактысы кирбейт.

Окуучулар жаза турган вариантын кошумча барактарда (черновиктерде ) иштешет, андан кийин мектептин штампы басылган баракка көчүрөт. Кошумча барактардагы (черновиктердеги) жазуулар каралбайт жана текшерилбейт.

Сынактын катышуучуларына хрестоматиялар, орфографиялык, түшүндүрмө сөздүктөр, учкул сөздөр камтылган энциклопедиялык сөздүктөр менен колдонууга уруксат берилет.

Эссени жазып жаткан учурда баракта орун калбаса, окуучунун сураныычы менен дагы барактар берилет.

Эссени жазуу учурунда окуучуларга уюлдук телефон, фото, аудио жана видеоаппаратураны, маалымдама материалды, маалыматты сактоо жана берүү каражаттарын колдонууга тыюу салынат.

Эссени белгиленген убакыттан эрте бүткөн окуучулар берилген кошумча барактарды, таза жазылган иш барактарын тапшырып, сынактын аяктоосун күтпөй кете беришет.

Эссени жазуу убактысы аяктаганда, ПКнын мүчөлөрү сынактын аяктаганын айтып, окуучулардын кошумча барактарын жана тапшырмасы жазылган барактарын чогултуп алышат.

Жазуу иштерин текшерүү тиркемеде көрсөтүлгөн критерийлер менен бааланат.

**3-тиркеме**

**Эссе үчүн тандалган тексттин критерийлери**

| **№** | **Критерий** | **Талаптар** |
|---|---|---|
| 1 | Тексттин көлөмү | • Тандалган текст талап боюнча көлөмдөн ашпайт (700 сөз) |
| 2 | Тексттин стили | • Текст көркөм (проза, поэзия) же публицистикалык стилге тиешелүү. |
| 3 | Тексттин мүнөзү | • текст бүтүрүүчүнүн жаш өзгөчөлүгүнө ылайык келет жана мазмуну окуучулардын коммуникативдик, окурмандык жана турмуштук тажрыйбасынын чегинен чыкпайт;<br>• текст автордун көз карашын, коммуникативдик ой-пикирин жана максаттарын ишке ашырууда өтө жөнөкөй болбоого тийиш;<br>• текст өнүктүрүүчүлүк, билим берүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүккө ээ жана окуучулардын кругозорун өстүрүүгө жөндөмдүү;<br>• текст этикалык, адеп-ахлактык ж.б. социалдык, инсандык маанилүү көйгөйлөрдү көтөрүп чыгуу өзгөчөлүгүнө ээ;<br>• тексттин мазмуну тигил же бул көйгөйдү бүтүрүүчү тарабынан ар тараптуу, эмоционалдык жактан кеңири чечмелеп жана |

| | |
|---|---|
| «5» | |
| **Баа «4»** | *Жол берилет:*<br>• 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык каталарга;<br>• 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталарга;<br>• 4 пунктуациялык жана 2 грамматикалык каталарга жол берилип, орфографиялык каталар жок болсо. |
| **Баа «3»** | *Жол берилет:*<br>• 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарга;<br>• 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталарга;<br>• 7 пунктуациялык каталар жана 4 грамматикалык каталарга жол берилип, орфографиялык каталар жок болсо. |
| **Баа «2»** | "3" баасы үчүн каралган каталардан да орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар көп болсо. |

**1. тиркеме**

## Сынакты өткөрүүнүн тартиби

XI класстын окуучулары үчүн сынакты өткөрүү күнү жана убактысы – 2019-жылдын 3-июну, эртең мененки саат 9:00.

Окуучулар сынак өткөрүлө турган жерге сынак башталганга чейин 30 мүнөт эрте келиши керек.

Сынакты өткөрүүнүн алдында билим берүү уюмунун предметтик комиссия (мындан ары текстте – ПК) мүчөлөрү аргументтөөчү эссени жазуунун эрежелери жөнүндө нускама өткөрүшүп, окуучуларды эссени жазуунун узактыгы, өткөрүүнүн формасы жана тартиби, жыйынтыктар менен таанышуунун убактысы жана орду тууралуу маалымат беришет.

Окуучулар сынак өткөрүлүүчү класстарга сынак башталаарга 30 мүнөт калганда киришет. Окуучулар окуу кабинетиндеги каалаган орундарга отурушат (ар бир иш ордуна бирден окуучу).

Эгерде окуучу кечигип калса, эссе жазууга киргизилет, бирок ага кошумча убакыт берилбейт. Кечиккендер үчүн жалпы нускама кайталанбайт.

Билим берүү уюмунун сынакты өткөрүү боюнча ПКнын мүчөлөрү окуучуларга жазуу үчүн мектептин штампы басылган барактарды, кошумча барактарды (черновик), орфографиялык жана түшүндүрмө сөздүктөрдү беришет.

ПКнын мүчөлөрү окуучуларга үч текстти тандоого сунуштайт (окуучу сунушталган үч тексттин ичинен каалаган бирөөнү тандайт), андан кийин окуучунун санына жараша тексттердин нускасы көбөйтүлөт.

ПКнын мүчөлөрүнүн көрсөтмөсү боюнча окуучулар башкы бетти толтурушат, эссе үчүн баштапкы тексттин аталышын жазышат (*автор, тексттин аталышы* ... аңгемеси боюнча аргументтөөчү эссе).

Нускаманы өткөргөндөн кийин билим берүү уюмунун ПК мүчөлөрү эссени жазуунун башталышын, узактыгын жана аякташын маалымдашат да,

туура түзүүгө жардам бере турган сунуштар жана кеп калыптары (клише) берилген.

Аргументтөөчү эссе окуучу канчалык деңгээлде төмөнкүлөрдү билерин көрүүгө мүмкүнчүлүк берет:

- берилген көйгөйгө ылайык текстти ырааттуу жана логикалык жактан туура түзөт жана өз ойлорун билдире алат;
- далилдөөнү, мисалдар менен тезистик-далилдөө бөлүгүн түзгөндү билет;
- байланыштуу жана ийкемдүү ой жүгүртүүнүн көндүмдөрүн көрсөтөт;
- жазуу текстин орфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык нормаларга ылайык жол-жоболоштурат;

- сөз байлыгынын ар түрдүүлүгүн көрсөтөт.

Бул баалоонун төмөнкү критерийлерин иштеп чыгууга негиз болду:

- Ойду баяндап жазуунун түзүмүн/композициялык жактан бүткөндүгүн, логикага негизделгендигин, ырааттуулугун;
- Тексттин негизги көйгөйүн аныктоо жана чечмелеп берүү;
- Баштапкы тексттеги автордун көз карашын чечмелөө жана далилдөө;
- Окуучунун жеке пикирин жана тезисти чечмелеп көрсөтүүсү;
- Өз көз карашынын далили: далилдердин бар болуусу;
- Далилдердин сабаттуулугу;
- Корутундунун бар болуусу;
- Кептик жана стилистикалык нормалардын сакталуусу.

Тиркемелер 5 тиркемеден турат.

**1-тиркеме**

**Эссенин мазмунун баалоо критерийлери**

| Критерийлер | Сүрөттөө | Балл |
|---|---|---|
| Эссенин түзүмү, логикалуулук, ойду баяндоо ырааттуулугу | -эссенин түзүлүшүндө бардык элементтер камтылат, иште маанилик бүтүндүк мүнөздүү болот, баяндоонун кептик байланышы жана ырааттуулугу сакталса; | 5 |
| | -эссенин түзүлүшүндө бардык элементтер камтылат: маанилик бүтүндүк мүнөздүү болот, баяндоонун кептик байланышы жана ырааттуулугу сакталат, бирок бир логикалык ката, же текстти абзацка ажыратууда бир катага жол берилсе; | 4 |
| | -эссенин түзүлүшүндө бардык элементтер камтылат, коммуникациялык ой берилет, бирок үч-төрттөн кем эмес логикалык катага, же текстте 2 абзацтын бузулушуна жол берилсе; | 3 |
| | - жазуу ишинде абзацтын ажыратылышы сакталбай, түзүлүшүндө элементтер толук эмес берилип, 5 логикалык катага жол берилсе; | 0 |

Баяндаманы жазуу убактысы аяктаганда, ПКнын мүчөлөрү сынактын аяктаганын айтып, окуучулардын кошумча барактарын (черновик) жана иш барактарын чогултуп алышат.

**Жыйынтыктоочу сынакка карата жазыла турган баяндаманын үлгүсү**

**1. Текстти кунт коюп угуңуз**

Текстти биринчи жолу уккан соң төмөнкүдөй кадамдарды жасаңыз:

- Тексттин темасын аныктаңыз (текст эмне жөнүндө?).
- Негизги ойду бөлүп көрсөтүңүз (текст эмнеге үйрөтөт?).
- Тексттин стилин жана түрүн аныктаңыз, анын түзүлүш өзгөчөлүгүнө көңүл буруңуз (баяндоодо  окуянын башталышы, өнүгүшү, сюжетиндеги эң маанилүү учур, аягы; сүрөттөөдө-кептеги негизги предметтер, алардын маанилүү белги, касиеттери; ой жүгүртүүдө  ойдун жалпы ырааттуулугунун сакталышы, аргументтер, далилдер, жыйынтыктоо).
- Тексттин жалпы түзүлүшүн толук камтыгандай план түзүп, микротемаларды бөлүп көрсөтүү менен өз-өзүнчө ат коюп алганга аракет кылыңыз.
- План түзүүдө ачкыч сөздөрдү коюу үчүн орун калтыруу менен жазыңыз.

Текстти экинчи ирет угуп жатканда микротемаларга ылайык келген ачкыч сөздөрдү жазып алганга аракет кылыңыз. Андан соң, ар бир бөлүк боюнча жазуу менен аларды бири-бирине байланыштырып, бүткөн ойду камтыган толук текстти түзүңүз.

**БАЯНДАМАНЫН ТЕКСТИ**

**ТҮБӨЛҮК ДОС**

Сен үчүн жалын отко жанымды таштайм деген досторду көрдүм, бирок жалын оттор көп эле болду... ошол достор жандарын ала качты. Жанымда калса, тээ качантан бери кайталанып окула берген китептер калды. Качан болбосун мени алаксыткан кыйышкыс достор ар дайым текчеде турган китептер экен дедим, акыры. Алар менен акыретке чейин антташкан досмун деп төш кагышып, ант ичишкен эмесмин, бирок түбөлүккө кыйышкыс досторго айландык.

Мен дайыма алардын чаңын сүртүп, анан жымжырт бурчту тандап алып, мурда окулган китеп экенине карабай окуй бергенден жадабайм. А досмун деп бажактаган нечен түрдүү достор менен маектешкенден бат тажайм да, бат чарчайм. Мени жадатпас чаң баскан текчедеги досторум менен керек убакта үн чыгарбай сүйлөшөм да, үн чыгарбай алардын айткан акыл-кеңешти угам. Мен сагынсам, дайыма үнсүз, тилсиз досторумду сагынам.

Китептин артынан китеп кууп окугандардын кеңдейлүгү эмнеде? Биз көп учурда китепти бир сыйра гана окуган үчүн, мазмунуна терең түшүнбөйбүз. Жакшы китептерди кайра-кайра окугандан өтөрү жок. Эгер китепти кайталап окуганга көнсөң, сен мурда окуган китептерге жөн гана көз жүгүрткөн окурман экениңди билесиң. Эгер мурда окуган китебиңди кайра окуп чыксаң, сен анын жакшы же жаман экенин гана баамдайсың. Кайталап окуган китепти дагы кайталап окусаң, сенин да китеп жазгың келет.

*188 сөз*

**2. Төмөнкү суроолорго таянуу менен текстке карата жеке көз карашыңызды чагылдырып жазыңыз:**

1. Сиздин оюңузча, чын эле китеп адамдын чыныгы досу боло алабы? Эмне себептен мындай ойлойсуз?

IX класстын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын сынагына 4 астрономиялык саат бөлүнөт. Окуучуларга сынак учурунда (15-20 мүнөттүк) тыныгуу берилет.

Сынакка бөлүнгөн убакытка даярдык көрүү (нускама берүү, текстти тираждоо) жана тыныгуу убактысы кошулбайт. IX класстын окуучулары үчүн сынактын өткөрүү күнү жана убактысы – 2019-жылдын 6-июну эртең мененки саат 9:00.

## Сынакты өткөрүү тартиби

Окуучулар сынак өткөрүлүүчү жайга сынак башталганга чейин 15 мүнөт эрте келиши керек. Сынак башталаарга чейин билим берүү уюмунун предметтик комиссия мүчөлөрү дилбаяндын элементтерин камтыган баяндаманы жазуу эрежелери менен тааныштырып, сынактын убакыты, өткөрүү тартиби жана формасы жыйынтыгы менен таанышуу орду жөнүндө маалымат берет.

Окуучулар жыйынтыктоочу баяндама боюнча сынак өткөрүлүүчү класстарга сынак башталаарга 15 мүнөт калганда киришет. Окуучулар окуу кабинетиндеги каалаган орундарга отурушат (ар бир орунга бирден окуучу).

Эгерде окуучу кечигип калса, жыйынтыктоо баяндамасын жазууга киргизилет, бирок ага кошумча убакыт берилбейт. Кечиккендер үчүн нускама жалпы кайталанбайт. Окуучулар алгачкы вариантын кошумча барактарда (черновик) иштешет, андан кийин мектептин штампы басылган баракка көчүрөт. Кошумча барактардагы (черновик) жазуулар каралбайт жана текшерилбейт.

Жыйынтыктоочу баяндаманы өткөрүү боюнча билим берүү уюмунун ПКнын мүчөлөрү окуучуларга мектептин штампы басылган барактарды, кошумча барактарды, орфографиялык жана түшүндүрмө сөздүктөрдү беришет. Билим берүү уюмунун ПКнын мүчөсү ПКнын жетекчисинен баяндаманын текстин алат.

Окуучулар үчүн нускама ар бир катышуучуга өзүнчө берилет, доскага жазылат же проектордон көрсөтүлөт.

ПКнын көрсөтмөсү боюнча окуучулар титулдук баракты толтуруп, тексттин темасын жазышат. Жыйынтыктоочу баяндаманы өткөрүү боюнча билим берүү уюмунун ПКнын мүчөлөрү баяндама жазуу боюнча нускама өткөрүлгөндөн кийин жазуу ишинин башталганын, убактысын доскага жазып белгилейт, андан кийин окуучулар баяндама жазууга киришет.

Баяндаманы жазып жаткан учурда баракта орун калбаса, окуучунун сураныч менен дагы барак берилет. Баяндаманы жазуу учурунда окуучуларга уюлдук телефон, фото, аудио жана видеоаппаратураны, маалымдама материалды, маалыматты сактоо жана берүү каражаттарын колдонууга тыюу салынат.

Жазуу иши белгиленген убакыттан эрте бүткөн окуучулар берилген кошумча барактарды (черновик), таза көчүрүлгөн иш барагын тапшырып, сынактын аягын күтпөй кете беришет.

Биринчи далилинде чыгармага, экинчи далилинде З.Сооронбаевага кайрылган. Мисал катары келтирген аргументтери автор тарабынан көтөрүлгөн маселеге дал келет.

Сөз байлыгынын кенендигин ишинде көрсөткөн. Фактыларды жана көркөм сөз каражаттарын ыгы менен орундуу колдонгон. Мисалдарды («аларды өз абийири соттору эскерте кетмекчимин», «жаман адаттардан сабак алуу» ж.б.) ыктуу келтирип, туура ой жүгүрткөн. Жазып жаткан темага жекече көз карашы болуп, өзүнчө жыйынтык чыгара алган.

Эссенин автору стилистикалык каталарга жол берген эмес.

Мазмуну боюнча алган баллдардын (38 балл) жыйынтыгы «эң жакшы» деген баага дал келет.

| № | **Мазмуну боюнча баалоо критерийлери** | **Баллдар** |
|---|---|---|
| 1. | Эссенин структурасы, логикалуулук, ойду баяндоо уланмалуулугу | 5 |
| 2. | Тексттин түйүндүү көйгөйүн аныктоо | 5 |
| 3. | Тексттеги автордун көз карашын аргументтештирүү жана түшүндүрмө берүү | 5 |
| 4. | Жеке пикиринин болушу | 4 |
| 5. | Биринчи аргумент( көркөм чыгармага таянуу менен) | 5 |
| 6. | Экинчи аргумент( турмуштук тажрыйбага таянуу менен) | 4 |
| 7. | Жыйынтык | 5 |
| 8. | Кептик жана стилдик ченемдердин сакталышы | 5 |
| | **Жыйынтык :** | 38 |

Жазуу ишинде 1 орфографиялык (ниеттемин) жана 1 пунктуациялык (дебестен,) каталарга жол берилген. Кыргыз тили боюнча “эң жакшы” деп бааланды.

| № | **Сабаттуулугу боюнча баалоо критерийлери** | **Каталар** |
|---|---|---|
| 1. | Орфографиялык норманын сакталышы | 1 |
| 2. | Пунктуациялык норманын сакталышы | 1 |
| 3. | Грамматикалык норманын сакталышы | - |

## IX класстын окуучулары үчүн эне тили (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндөгү нускама-усулдук кат

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 8-апрелиндеги № 378/1 буйругунун негизинде IX класстын окуучулары үчүн эне тили боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы текст боюнча аналитикалык ой жүгүртүүнү жана дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама жазуу формасында жүргүзүлөт.

2. Мугалим текстти ачык-айкын, жай жана так окуп берет, бирок орфограммаларды жана пунктуациялык белгилерди айтып бербейт. Текстти окуунун эрежелерин сактоо менен, бирок сөздөрдүн фонетикалык түзүлүшүн бузбастан окуу керек.
3. Мугалим текстти түшүнүү боюнча суроолорду берип, тааныш эмес сөздөрдү (эгерде жат жазуунун текстинде тааныш эмес сөздөр жолукса) түшүндүрүп берет. Эгерде текстте мекемелердин жана уюмдардын аталыштарын көрсөтүп турган, энчилүү же чет тилдик алфавиттин тамгаларынын аталыштарынан түзүлгөн, кыскартылган татаал сөздөр жолукса, анда мугалим аларды аббревиатурасы менен бирге доскага жазып коёт.
4. Жазуу үчүн текстти окуу. Мугалим ар бир сүйлөмдү 3 жолу окуйт: биринчи жолу – сүйлөмдүн маанисин түшүнүү үчүн, экинчи жолу – жазуу үчүн, үчүнчү жолу – жазылганды текшерүү үчүн. Эгерде сүйлөм өтө эле узун болуп, кулакка абдан татаал кабыл алынса, анда аны бөлүк-бөлүк менен окуу керек. Сүйлөмдү окуу аяктаганга чейин, жазууга уруксат бербөө керек.
5. Аягында мугалим толук текстти дагы бир жолу окуйт, бирок бул учурда, окуучулар бардык сөздөрдүн туура жазылышын текшерүүгө жетишүүсү үчүн же жазганга жетишпей калган сөздөрдү жазуусу үчүн сүйлөмдөрдүн ортосундагы тынымдарды узартууга тийиш.
6. Мугалим окуучулардын иштерин чогултуп алат да, аларга материалды баяндоонун ырааттуулугун белгилөөгө берилген тапшырманы камтыган баракчаларды таратат.

**Жыйынтыктарды иштеп чыгуу**

Жат жазуу беш баллдык система боюнча бааланат.

11-класс үчүн жат жазуунун көлөмү – 110–125 сөз.

Жат жазуунун нормаланган баалоосу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 19-апрелиндеги №473/1 буйругуна ылайык жүргүзүлөт:

### 11-класстарда жат жазууга коюлуучу бирдиктүү талаптар жана баалоо критерийлери

Жат жазуу – окуучулардын орфографиялык, пунктуациялык сабаттуулугун текшерүүнүн эң негизги формаларынын бири.

Жат жазуу үчүн азыркы кездеги адабий тилдик нормага жооп берген жана окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө карата мазмуну жагынан ылайык келген тексттерди берүү сунушталат. Жат жазуу өзүнчө дидактикалык максатына ылайык, окуучунун белгилүү бир орфографиялык эрежени канчалык өздөштүргөндүгүн билүү максаты менен жыйынтык чыгаруу үчүн жүргүзүлөт. Дидактикалык максаты – окуучулардын билимин баалоо болуп саналат.

Окуу үчүн тексттин көлөмү (көркөм, коомдук-саясий же илимий-популярдык) 350 сөздөн ашпайт.
Текстте маанисин контексттен ойлоп табууга мүмкүн болгон 3%дан көп эмес тааныш эмес сөздөр болушу мүмкүн.
Окуу үчүн сунушталган тексттер төмөнкү талаптарга жооп берет:
- окуу программасы предметтик-тематикалык мазмунга дал келет;
- маанилик толук бүткөндүгү, байланыштуулугу жана бүтүндүгү менен мүнөздөлөт;
- терминдер, жеке аттар, цифралык маалыматтар менен ашыкча жүктөлбөйт;
- стандарт жана колдонулуп жаткан окуу программасы менен аныкталган сынак тапшыруучулардын даярдык деңгээлине дал келет.

**Тесттин экинчи бөлүгүн өткөрүүнүн жол-жобосу**

Тапшырмалардын саны: 9-класс – 2 текст жана 15 тапшырма,
11-класс – 3 текст жана 20 таршырма.
Тесттин экинчи бөлүгүн аткаруу убагы: 9-класс – 50 мүнөт, 11-класс – 60 мүнөт.

Окуучуга тест материалдары берилет жана тестти аткаруу боюнча нускама өткөрүлөт. Тестти аткарууда тест тапшыруучу сөздүк менен колдоно алат.

**Тесттин жыйынтыктарын иштеп чыгуу**

Тесттин жыйынтыктарын иштеп чыгуу жана баалоо ачкычтардын жардамы менен жүргүзүлөт.
Ар бир туура аткарылган тапшырма **2 баллга** бааланат.

**9-класс**

2-бөлүк үчүн максималдуу балл – **30.**

**11-класс**

2-бөлүк үчүн максималдуу балл – **40.**

## 3-бөлүк. Жат жазуу тапшырмасы менен
## (11-класстардын окуучулары үчүн гана)

Жат жазууну өткөрүү **максаты:**
- угулган текст боюнча жазуу жүргүзүү жөндөмүн текшерүү;
- жазууда окулган орфограммаларды жана пунктуацияларды колдоно алуу жөндөмү;
- угулган тексттин негизинде материалдын ырааттуу түрдө берилгендигин аныктоо жөндөмү.

**Жат жазууну өткөрүү жол-жобосу:**

**Ишти аткаруу убактысы – 40 мүнөткө чейин**

1. Мугалим жат жазууну өткөрүү максатын белгилейт, окуучулардын көңүлүн жат жазууда колдонула турган орфограммаларга жана аткарыла турган тапшырмага көңүлүн (материалдын берилишинин ырааттуулугун аныктоого багытталган тапшырма) бурат. Окуучулар кунт коюп угуп, мазмунун түшүнүүгө аракеттенишет.

Тест тапшыруучу тарабынан алынган баллдардын саны тест дептеринин тийиштүү графасында белгиленет.
Ар бир туура аткарылган тапшырма 1 баллга бааланат.
«Лексика. Грамматика» бөлүгү үчүн максималдуу балл:
9-класс – **40.**
11-класс – **60.**

## 2-бөлүк. Окуу жана түшүнүү

**Тесттин максаты** – аныкталган коммуникативдик маселелерди чечүү үчүн окуудагы сүйлөө көндүмдөрүнүн жана ыкмаларынын калыптанышынын деңгээлин текшерүү.
Көзөмөлдүн объекттери болуп төмөнкү ыкмалар саналат:

- текстте камтылган негизги маалыматты жана ошондой эле маанилүү жүктөмдү алып жүрүүчү кээ бир деталдарын түшүнүү;
- тексттин сунушталган интерпретациясын адекваттуу кабыл алуу;
- негизги маалыматты жана тексттин кошумча маалыматынын маанилүү элементтерин толук, так жана терең түшүнүү.

| **Класс** | **Тестти аткаруу убактысы** | **Мазмуну** | **Ташырмалардын түрлөрү жана саны** |
|---|---|---|---|
| | | **Текстти окуу жана түшүнүү** | |
| **9-класс** | 50 мүнөт | - Мазмунду толук түшүнүү (биографиялык текст, көркөм текст, диалог)<br>- Тандалган маалыматты түшүнүү (илимий-популярдык, публицистикалык, коомдук-саясий текст) | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 2 текст жана 15 тапшырма |
| **11-класс** | 60 мүнөт | - Толук түшүнүү (жарнама, кулактандыруулар, анонс, маалымкат, аба-ырайынын прогнозу)<br>- Мазмунду толук түшүнүү (биографиялык текст, көркөм текст)<br>- Тандалган маалыматты түшүнүү (илимий-популярдык, публицистикалык, коомдук-саясий текст) | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 3 текст жана 20 тапшырма |

**Тексттердин мүнөздөмөсү**